This is a trial edition prior to its formal edition.
We will be very grateful if you would give us your evaluation on its translation level.
Please, send us your opinion to baptism@bjnewlife.org

# Куткарылуу үчүн биринчи биз өз күнөөлөрүбүз жөнүндө билүүбүз керек

< Марк 7:8−9 >

«Кудайдын осуяттарын четке таштап коюп сен адамдык салттарды кармайсың — ишдиштерди, чөөгүндү жуу жана ушул сыяктуу сен жазап жаткан көптөгөн нерселер бар. Жана Ал аларга айтты «Силер Кудайдын осуяттарын четке кагып өз үрп − адаттарыңарды кармайсыңар.

< Марк 7:20−23 >

«Жана дагы Ал мындай деп айтты «Адамды ичинен чыккан нерсе арам кылат. Анткени ичтен адамдын жүрөгүнөн; жаман ойлор, ойноштук кылуу, бузуктук кылуу, киши өлтүрүү, уурдоо, кошомат кылуу, ачуулануу, куулук, дүнүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик акылсыздык чыгат. Мына ушул жамандыктын баары адамдын ичинен чыгып, аны арам кылат деди».

Биринчиден мен күнөө деген эмне экендигин силерге аныктап берейин. Адам күнөө деп эсептеген жана Кудай күнөө деп эсептеген күнөөнүн эки түрү бар. Байыркы Грек тилиндеги *'hamartia'*деген сөздүн мааниси туура эмес бир нерсе жазоо дегенди түшүндүрөт. Кудайдын осуятына тил албоо бул күнөө.

Келгиле башында күнөөгө болгон адамдын көз карашын карап көрөлү.

*Күнөө деген эмне?*

*Кудайдын осуяттарына баш ийбестик.*

Күнөөнү биз өз абийрибиз менен тааныйбыз. Кандай болсо дагы адамдын көз карашы анын социялдык чөйрөсүнө, менталитетине, абалына жана абийрине байланыштуу ар кандай болот,

Бул ар түрдүү адамдардын көз карашы боюнча күнөөгө берилген аныктама. Бир иш бир адамдын көз карашы боюнча күнөө деп эсептелинбейт ал эми дагы бирөө үчүн күнөө деп эсептелиши мүмкүн. Ошондуктан адам күнөөнү билиши үчүн Кудай бизге 613 түрдүү мыйзам иштерин берген. Төмөндөгү диаграмма адам баласынын күнөөсүн чагылдырат.




Биз эч качан өз абийирибиз же социалдык норма боюнча күнөөгө аныктама беребешибиз керек. Биздин абийирибиз боюнча биз күнөө деп эсептеген нерселер Кудай күнөө деп эсептеген нерселерге туура келе бербейт. Ошондуктан биз өз абийирибизди укпастан Кудайдын осуяттары эмнени күнөө десе ошону угушубуз зарыл. Ар бирибиздин күнөө жөнүндө өзүнчө ар башка түшүнүгүбүз бар. Кээ бир иштерди адам өзүнүн кемчилиги катары эсептесе, башка бирөө үчүн таптакыр эле бузулгандык болуп эсептелет.

Мисалы үчүн Кореяда адамдар өз ата – энелеринин күмбөзүн чөп менен жаап коет жана ал чөп соолуганга чейин ал чөп үчүн кам көрөт. Бирок Папуа Жаңы Гвинеяда маркумга урмат көрсөтүү үчүн үй – бүлөнүн баардык мучөлөрү чоогу отуруп алышып маркумдун этин жешет. (Алар бышырабы же чийки бойдон жешеби мен так билбейм) Себеби алар маркумдун денесин курттар жегенге ыраа көрбөйт болуш керек деп ойлойм. Алардын бул үрп адаты адам баласынын күнөөгө болгон көз карашы ар башкача экендигине эң жакшы мисал

боло алат. Кандайдыр бир маданиятта жакшы иш деп эсептелген нерсе башка маданиятта таптакыр келесоолук болуп көрүнүшү мүмкүн. Эмнеси болсо дагы Библия күнөө бул Кудайдын осуяттарына баш ийбөө деп айтат.

*"Анткени силер Кудайдын осуятын таштап, адамдык салттарды; кумура менен чөйчөктөрдү жуу жана башка ушул сыяктуу салттарды кармайсыңар. Ал аларга дагы мындай деди; Өзүңөрдүн салтыңарды кармоо үчүн, Кудайдын салттарын четке кагып жатканыңар жакшыбы?" (Марк 7:8—9).*

Биздин физикалык көрүнүшүбүз Кудайга маанилүү эмес себеби Кудай биздин жүрөгүбүздүн тереңин карайт.

## Кимдир бирөөнүн Кудайдын алдындагы өзүнчө күнөө ченемдүүлүгү.

*Эң олутуу күнөө деген эмне?*

*Бул Кудайдын Сөзүн четке кагуубу?*

Анын эрки менен жашабагандыктын өзү бул күнөө. Бул Анын сөзүнө ишенбегендике барабар. Кудай айткандай Фарисейлер сыяктуу Кудайдын осуяттарын четке кагып өз салт — санааларын окутууну биринчи орунга коюп жашоо бул күнөө. Сен кайсы Кудайга ишенесиң? Сен чын эле Мага ишенип Мени даңктайсыңбы? Сен менин атым

менен мактанысың. Бирок сен чын эле мени сыйлайсыңбы? Адамдар жөн гана үстүртөн карап Анын Сөзүн четке кагышат. Сен бул нерселер жөнүндө билесиңби? Биздин мыйзамсыздык иштерибиз жана биздин бузулган табигатыбыздан чыгат. Бүгүнкү күндөгү биздеги эң чоң катабыз өзүбүбүздүн биздин негизги күнөөгө маани бербестен өз жеткилеө эмес дененин ишетерине арнайбыз. Бирок Кудайдын алдындагы биздин күнөөбүз жана адам баласынын туура эмес иш жазоосунун айырмасы абдан чоң. Кимде ким Анын Сөзүнө бай ийбесе ал адам өзүн адилетүү деп эсептесе да, күнөөкөр,ошол себептен Ыйса дин окутуучуларын айыптаган.

Мусанын беш китебинде Башталыш китебинен баштап Мыйзам кайталоо китебине чейин биз эмнени кылышыбыз керек жана эмнени жазабашыбыз керектиги жөнүндө жазылган. Ооба, мунун баардыгы тең Кудайдын Сөзү болсо да биз аларды 100% сактай албайбыз, ошентсе да биз Анын сөздөрүн Кудайдын осуятары катары кабыл алышыбыз керек. Ал Өз сөздөрүн башынан баштап бергендиктен аларды биз Кудайдын Сөзү катары кабыл алышыбыз абзел. *Башталышта «Сөз болчу жана Сөз Кудай менен болчу жана Кудай Өзү Сөз болчу»* Ал баардыгын жараткан. Андан соң ал Мыйзамды орнотту.

*«Жана Сөз дене болду жана Ал биздин арабызда жашады.» (Жакан 1:1,14)*

Анда Кудай биге Өзүн кандайча көрсөтөт? Ал Өзүн Өз Осуяттары аркылуу көрсөтө алат, себеби Кудай Өзү Сөз жана жана Рух. Ошондуктан биз

Библияны кандай деп атайбыз? Библияны биз Кудайдын Сөзү деп атайбыз. *"Ошондуктан Кудайдын осуяттарын четке кагып адамдык үрп — адаттарды кармайсыңар."*

Мыйзамда биз аткарыш керек болгон 613 мыйзам бар. Бул нерселерди аткар жана аткарба, ата — энеңди сыйла. Лебилер китебинде үй жаныбары чуңкурга түшүп кеткен учурда аял киши, эркек киши да эмне кылуусу керектиги жазылган. Ушул сыяктуу нерселердин Мыйзамда 613 түрү жазылган. Булар адамдык сөздөр болбогондуктан биз бул сөздөр жөнүндө кайра кайра ойлонуубуз керек. Биз Ал берген Осуяттардын баардыгын аткара албасак да, аларды барктап жана аларды аткарышыбыз керек.

Кудайдын Сөзүндө туура эмес болгон бир сөз барбы? Фарисейлер Кудайдын Осуяттарын четке кагып адамдык үрп адаттарды Анын осуяттарынан да жогору коюп алышкан. Алардын карыларынын арасындагы сөздөр Кудайдын Сөздөрүнөн да жогору болуп калды. Ыйса жер үстүндө жүргөн кезде Ал адамдардын Кудайдын Сөздөрүн четке какканын күбөлөндүргөн жана бул үчүн Анын жүрөгү жараланган. Кудай биз Өз күнөөбүздү түшүнүүбүз үчүн жана Кудайдын чындык экендигин жана биздин Ыйык Кудайыбыз экендигин түшүнүүбүз үчүн кылды. Биз баардыгыбыз Анын алдында күнөөкөр болгондуктан бизди сүйгөндүктөн жерге жиберилген Ыйсага болгон ишеним менен жашашыбыз керек.

Кимде ким Анын Сөздөрүн четке какса жана

ага ишенбесе ал адам күнөөкөр. Анын Сөздөрүн аткара албаган адам да күнөөкөр. Бирок Анын сөзүн барктабастык мындан дагы чоң күнөө. Ал эми кимде бул чоң күнөөлөр бар болсо алар тозоко тийешелүү адамдар. Анын сөзүнө ишенбестик Кудайдын алдында зор күнөө.

## Кудайдын бизге мыйзамды берүүсүнүн себеби.

*Кудай бизге мыйзамды эмне үчүн берген?*

*Биз өз күнөөбүздү жана алар үчүн болгон жазаны түшүнүү.*

Кудай бизге мыйзамды эмне себептен берди?

Кудай биз өзүбүздүн күнөөкөр экендигибизди билип Ага кайрылуубузду каалаган. Ал бизге 613 түрдүү мыйзамды биз өз күнөөлөрүбүзду көрүү үчүн жана Ыйса Машаяк аркылуу куткарылып калуубузду каалайт. Ушул себептен Кудай бизге мыйзам берген. Рим 3:20 аятта айтылгандай «Мыйзам аркылуу күнөө таанылат». Кудай бизди мыйзам аркылуу жашоого зордоо үчүн берген эмес. Мындай болсо биз мыйзамдан эмнени үйрөнөбүз.

Биз Мыйзымды толугу менен аткаруу үчүн ушунчалык алсызбыз жана Мыйзамды аткакара албагандыгыбыз үчүн Анын алыдында ушунчалык кайгырабыз.

Бирок Кудай бизге берген Мыйзаьдын 613 түрүнөн эмнени үйрөнө алабыз? Биз өзүбүздүн алсыз экендигибизди жана Мыйзамды аткара албаздыгыбызды үйрөнөбүз. Жана биз өзүбүз Кудайдын жараткандары болуп туруп Анын эркин аткара албагандыгыбыз жана Анын алдында күнөөкөр экендигибиз тууралуу кайгырабыз. Кудайдын Мыйзамы боюнча биз баардыгыбыз тозоко кетишибиз керек болчу. А качан биз өзүбүздүн күнөөкөр экенибизди жана Анын Мыйзамдарын аткара албастыгыбызды билгенден кийин биз эмне кыла алабыз? Биз кайрадан жеткилең болгонго аракет кылабызбы? Жок.

Биз жөн гана өзүбүздүн күнөөкөр экенибизди мойнубузга алышыбыз керек жана Ыйсага ишенип Анын суу жана Рух аркылуу болгон куткарылуусуна ишенүүбүз керек да жана Ага Өз Мыйзамын бизге берип биздин өз күнөөбүз жөнүндө түшүүнүүгө мүмкүнчүлүк бергендиги үчүн Ага ыраазычылык билдирүүбүз керек. Ошол аркылуу Ыйсасыз биз тозоктон куткарыла албастыгыбысты билишибиз зарыл.

Эгерде биз Ыйсага өз Куткаруучубуз катары ишенсек биз анда куткарылабыз, Кудай бизге Мыйзамды бергенинине себеби бизди ошол Мыйзам аркылуу Ыйса Теңирге жол көрсөткүсү келген.. Кудай бизге Мыйзамды бергенини себеби Ал биздин канчалык күнөөкөр экенибизди биздин билүүбүздү каалаган жана биздин жаныбызды ошондой күнөөдөн куткарууну каалаган.Ал бизге Мыйзамды берди жана Өзүнүн жалгыз уулун жиберди, Ыйса биздин баардык күнөөлөрүбүздү

алуу аркылуу бизди Өз чөмүлүүсү аркылуу куткарды. Ага ишенүү аркылуу биз куткарылууга ээ боло алабыз. Ал эми биз болсо күнөөбүздөн куткарылуу үчүн Ыйсага ишенүү керек болгон үмүтсүз күнөөкөрлөрбүз.

Ал эми Анын балдары болуп калуубуз үчүн жана баардык даңкты Кудайга берүү үчүн биз Анын сөздөрү аркылуу ойлонуубуз жана Анын сөздөрүн түшүнүүбүз зарыл. Анткени баардык чындык жалгыз гана Андан келет. Дагы биз Анын Сөздөрү аркылуу келе турган куткарылууну түшүнүүбүз өтө зарыл. Бул болсо Анын туура жана чындык Сөзү.

## Адам баласынын жүрөгүндө эмне бар?




Ишеним Кудайдын Сөзү менен башталып жана биз Ага Анын Сөзү аркылуу Ага ишенүүбүз керек. Эгерде биз ишенбесек анда биз эң чоң ката кетирген болобуз Ал эми бул болсо туура эмес жана жана чыныгы ишенимге жатпайт. Качан фарисейлер жана окумуштуулар Ыйсанын жуулбаган колдору менен нан жеп жатканын

көргөндө алар Кудайдын Сөзү боюнча иш кылган жок деп аларды күнөөлөштү. Бирок Кудайдын Сөзү бизге адамдын ичине кирген нерсе адамды арам кылбайт, себеби ал адамдын ашказанына кирет да адамдын жүрөгүнө таасир бербестен кайра чыгып кетет деп айтат. Марк 7:20—23, тө айтылгандай *«Анан Ыйса сөзүн удап; «Адамды ичинен чыккан нерсе арам кылат. Анткени ичтен, адамдын жүрөгүнөн; жаман ойлор, ойноштук кылуу, бузуктук кылуу, киши өлтүрүү, уурдоо, кошомат кылуу, ачуулануу, куулук, дүнүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик, акылсыздык чыгат».*

Ыйса болсо ал адамдарга силер күнөөдө төрөлгөндүктөн күнөөкөрсүңөр деп айтты. Бул аркылуу Ал эмнени айткысы келгенин силер түшүнөсүңөрбү? Биз Адам атанын тукуму болгондуктан күнөөкөр болуп төрөлгөнбүз. Бирок биз Анын Сөзүнө ишенбегендиктен жана аны кабыл албагандыктан бул нерселерди көрө албайбыз. Анда адамдын жүрөгүнүн ичинде эмне бар? Жогорудагы аяттар көрсөткөндөй *«Адамдын жүрөгүнөн жаман ойлор, ойноштук, адам өлтүрүү, уурулук, кошомат кылуу, бузулгандык, ачуулануу, куулук, дунүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик, акылсыздык чыгат.*

Адамдын жүрөгүнөн баардык бузулгандык жана жана адамдын жүрөкгүн булгайт. Забур китебинде жазылгандай *«Мен Сенин колуң жазаган Асманды, Өзүң коюп койгон ай менен жылдыздарды карап туруп; «Сен унутпагыдай адам ким? Өзүң келип тургудай, адам баласы ким?» деп ойлойм. (Забур*

*8:4—5)*

Эмне үчүн Кудай бизге Өзү келет? Ал бизди сүйгөндүктөн бизди жаратkандыктан жана бизге күнөөкөрлөр катары боору оорутандыктан бизге келет. Ал биздин баардык күнөөлөрүбүздү кечирип жана бизди Өз эли кылып койду *«О Теңир, о Теңир, Сенин атың Асмандан жана жерде кандай улуу!»*

Эски осуятта Дөөт падыша Кудай күнөөкөрлөрдүн Куткаруучусу экенин билгендей Жаңы Осуятта апостол Пабыл ошол эле забурду кайталайт. Биз Кудайдын жаратылышы анын балдары болуп калгандыгыбыз кандай таң калыштуу. Бул Анын бизге боору ооругандыктан гана жазады. Бул Кудайдын бизге болгон сүйүүсү. Биз анын мыйзамы аркылуу жашаганга аракет кылуубуз бул Кудайдын алдында өз күчүбүз менен адилет боло алабыз дегендик.

Бул дагы биздин Анын улуулугун жана ыйыктыгын четке каккандыгыбыз болуп эсептелет. Биздин Анын сүйүүсүнөн сырткары жашап Анын мыйзамдарын аткаруу үчүн күрөшүп жана ошондой жашоо үчүн сыйынуубуз туура эмес. Биз өзүбүздүн Мыйзам алдында күнөөкөр экендигибизди мойнубузга алып жана Ыйсанын суу жана каны аркылуу куткарылуусуна ишенүүбүз зарыл.

Марк 7:20—23, тө жазылгандай *«Адамды ичинен чыккан нерсе арам кылат. Анткени ичтен, адамдын жүргүнөн; жаман ойлор, ойноштук кылуу, бузуктук кылуу, киши өлтүрүү, уурдоо, кошомат кылуу, ачуулануу, куулук, дүнүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик, акылсыздык*

*чыгат»* Ыйса Өзү айткандай адамдын жүрөгүнөн ички күнөөлөрү гана аны булгап коёт.

Ал гана эмес Кудай берип жаткан арам тамактар дагы адамды булгабайт. Баардык жаратылган нерселердин баардыгы тең таза, бирок адамдын ичинен чыккан нерселер гана адамды арам кыла алат, же башкача сөз менен айтканда күнөө гана адамды арам кыла алат. Биз баардыгыбыз Адамдын тукумубуз. Демек биз эмне аркылуу төрөлдүк? Биз он эки түрдүү күнөө менен төрөлдүк. Бул туура эмеспи? Анда биз күнөө кетирбей жашай алабызбы? Жок биз күнөөдө төрөлгөндүктөн күнөө кетирүүнү уланта беребиз. Биз Мыйзамды жакшы билсек эле күнөө кетирбей калабызбы? Биз Анын баардык осуяттарын аткарып жашай алабызбы? Жок. Биз канчалык Мыйзамды аткарып жашоого аракетенген сайын биз ошончолук, аны аткаруу бизге кыйын болот. Биз өзүбүздүн алсыз экенибизди билип биздин мукунку аракеттерибизди токтотобуз. Ошондо биз өз акылыбызда муну түшүнүп Ыйсанын бизди куткара ала турган чөмүлүүсүн жана канын кабыл алабыз. Мыйзамдын 613 түрү албетте жакшы жана адилеттүү. Бирок адамдар энесинин ичинде жаткандан баштап эле күнөөкөр болуп төрөлүшөт. Качан биз Кудайдын мыйзамы туура экендигин жана биз күнөөкөр жана өз күчүбүз менен Кудайга жага албастыгыбызды жана биз Анын ырайымына, Анын суу жана кан аркылуу куткарылуусуна же Анын суу жана Рух аркылуу келген жакшы кабарына муктаж экенибизди түшүнгөндө.

Качан биз өзүбүздүн алсыздыгыбызды өз

күчүбүз менен жакшы боло албастыгыбызты, биз өзүбүздүн күнөөбүз үчүн тозоко бараарыбызды түшүнгөндө, биз Ыйсанын куткарылуусуна таянышыбыз керек. Биздин куткарылуубуз мүмкүн боло турган нерсе. Бирок биз Кудайдын алдында өз күчүбүз менен адилет же такыбаа боло албастыгыбызды билүүбүз керек. Ошондуктан биз Анын алдында тозоко бара турган күнөөкөр экенибизди мойнубузга алып Аны бизге боору оорусун суранып «О Кудай мени күнөөлөрүмдөн куткар деп» сыйынуубуз керек Ошондо Ал сөзсүз түрдө бизди Өз сөзүндө жазылгандай куткаратю Келгиле Дөөттүн сыйынуусун окуп көрөлү*» (Забур 51:4).*

Дөөт өзүнүн күнөөкөр экендигин жана тозоко барууга татыктуу экендигин билген. Бирок ошентсе да ал Кудайдын алдында баш ийген.

«Теңир эгер сен мени күнөөкөр деп жатсаң анда сен күнөөкөрмүн, эгер Сен мени адилетүү деп атап жатсаң анда мен адилеттүүмүн» Эгер Сен мени куткарсаң мен куткарыламын, эгер мени тозокко жиберсең анда мен тозоко барам. Эгерде Ыйсанын куткаруусуна ишенсек жана үмүтөнсөк анда биз да ушундай болуубуз керек.

Биз баардыгыбыз Адам атанын тукумдары болгондон кийин баарыбыз күнөөкөрлөрбүз жана баардыгыбыздын жүрөктөрүбүздө күнөөкөр каалоолор жашайт. Кудай бизге ойноштук кылба деп айтып жатса да биздин жүрөктөрүбүздө ойноштук жашайт. Биздин жүрөгүбүздө адам өлтүрүү жашайт. Бирок Кудай эмне дейт? Кудай бизге адам өлтүрбө деп айтат. Биз жүрөгүбүздө

ата — энени сыйлабоо жашайт.

Бирок Кудай ата — энени сыйла деп айтат. Биз Анын Сөзү туура жана жакшы экендигин билишибиз керек. Бирок баарыбыздын жүрөгүбүздө күнөө жашайт. Бул туурабы же туура эмеспи? Бул эң туура. Анда биз Кудайдын алдында кандай жашашыбыз керек? Биз Кудайдын алдында күнөөкөр жана үмүтсүз экенибизи моюнга алышыбыз керек. Мен кечээ такыбаа жашадым деп айтуу бул туура эмес жана бүгүн такыбаа болбой калдым себеби мен бүгүн көп күнөө кетирдим деп айтуу да туура эмес. Себеби биздин турпатыбыз өзү күнөөкөр. Кандай кылсак да биз баары бир күнөөкөрбүз. Биз күнөөкөр болуп төрөлгөнбүз. Ошондуктан биз Ыйсанын чөмүлүүсүнө ишенүү аркылуу куткарыла алабыз. Биз туура эмес иш кылгандыктан, ойноштук кетиргендиктен, адам өлтүргөндүктөн, уурулук кылгандыктан кунөөкөр эмеспиз. Биз күнөөкөр болуп төрөлгөндүктөн күнөөкөрбүз. Биз он эки түрдүү күнөө менен төрөлгөнбүз ошондуктан Кудайдын көз алдында күнөөкөрбүз. Өз иштерибиз аркылуу биз иштерибиз аркылуу эч качан жакшы боло албайбыз. Биз ал гана эмес акыл эсибиз да күнөөлүү болуп төрөлөгөнбүз. Демек бул күнөөлөрдү кетирбеген күндө да кантип биз Кудайдын алдында алилет боло алабыз. Биз эч качан өз күчүбүз менен Кудайдын алдында адилеттүү боло албайбыз.

Эгер биз адилеттүүбүз деп айтсак биз эки жүздүүлүк кылып жатабыз. Иса дин окутуучуларын жана фарисейлерге мындай деген. *«Эки жүздүү*

*дин окутуучулары жана фарисейлер»* Адам баласы күнөөкөр болуп төрөлгөн жана адам өмүр бою күнөө кылат. Кимде ким өмүрүмдө эч качан урушкан эмесмин, эч кимди чапкан эмесмин, эч качан ийне да уурдаган эмесмин десе ал жалган айтып жатат себеи адамдын баардыгы тең күнөөкөр. Ал адам жалганчы, күнөөкөр жана эки жүздүү. Кудайдын көз карашы боюнча ал адам так ошондой. Себеби баардыгы тең күнөөкөр болуп төрөлүшкөн. Сен бир да күнөө кетирбесең да сен баары бир тозоко барасың. Мыйзамдын көбүн аткарсаң да сен күнөөкөрсүң жана тозоко бара турган адамсың.

Анда тозоко барбаш үчүн эмне кылуубуз керек? Биз Кудай бизге ырайым кылып бизди куткаруусун сурап сыйынышыбыз керек. Эгер Ал бизди куткарбаса биз тозоко барабыз. Бул биздин тагдырыбыз. Бирок ким Кудайдын Сөзүнө баш ийип күнөөкөр экендигин мойнуна алса анда ал адам ишеним аркылуу адилеттүү болуп калганын да билет. Демек эң чоң күнөө бул Анын Сөзүн барктабастан четке кагуу. Ким Анын Сөзүн кабыл алса алар күнөөкөр болсо да адилет. Алап Анын Сөзү аркылуу жана ырайымы аркылуу кайра төрөлүп эң бактылуу адамдар.

## Өз иштери аркылуу куткарылабыз деп ойлогондор күнөөкөр бойдон кала беришет.




Келгиле Галатыктарга 3:10 жана 11.окуйлу.

*«Ал эми мыйзамга таянгандардын баардыгы каргыш астында. Анткени Ыйык Жазууда; «Тооратта жазылган мыйзамды толук аткарбаган адамга каргыш» деп жазылган. Мыйзам аркылуу Кудайдын алдында эч ким акталбастыгы белгилүү. Анткени адил адам ишеним аркылуу тирүү болот деп жазылган.»*

Ыйсага ишенгендер жана дагы эле иштери менен куткарылам деп жүргөндөр каргышка калгандар. Өз иштери менен куткарылууга аракет кылып жүргөндүн баардыгы Кудайдын каргышына калышкан? Кудай бизге Мыйзамды эмне үчүн берген? Ал биз өз күнөөлөрүбүздү түшүнүшүбүз үчүн берген. (Рим 3:20). Дагы Ал биз тозоко кетүүчү толук күнөөкөр экенибизди билишибиз үчүн берген. Ыйсанын, Кудайдын Уулунун чөмүлүүсүнө ишенип суудан жана Рухтан кайрадан төрөл. Ошондо сен өз күнөөлөрүңдөн кутуласың да

адилетүү болуп түбөлүк өмүргө ээ болуп бейишке барасың. Буга болгон ишеним жүрөгүбүздө жашасын.

## Дүйнөдөгү Эң Чоң Күнөө

*Дүйнөдөгү эң чоң күнөө эмне?*

*Мыйзамды аткарып жашоого аракет кылуу*

Биз Ага ишенип калгандыгыбыз үчүн абдан бактылуубуз. Кудай Өзүнүн Сөзүнө ишенгендерди куткарат. Бирок бүгүнкү күндө ишенгендердин арасында Мыйзам менен жашаганга аракет кылгандар абдан көп.

Мыйзам менен жашаган күндө да аны аткарууга мүмкүнбү? Мыйзам менен акталууга аракет кылуу бул кандай акылсыздык. Себеби качалык биз мыйзам менен жашоого аракет кылган сайын ошончолук бул биз үчүн кыйын болуп баштайт. *«Ишеним уккандан жана угуу бул Кудайдын сөзүнөн»* Куткарылыуу үчүн биз өзүбүздүн текеберигибизди ташташыбыз керек.

## Биз Куткарылууга Болгон Өз Көз Караштарыбызды Ташташыбыз Керек.

*Биз куткарылуу үчүн эмне кылуубуз керек?*

*Биз өз көз караштарыбызды ташташыбыз керек.*

Анда адам баласы кантип куткарыла алат? Адам баласы өзүн күнөөкөр экендигин мойнуна алуусу гана аны куткара алабы? Бүгүнкү күндө өздөрүнүн туура эмес ишенгендигине байланыштуу куткарыла элек адамдар абдан көп. Кудай кимде ким Мыйзам аркылуу куткарыла алам деп өз күчүнө таянса ал адам каргышка калган деп айтат. Кимде ким Ыйсага ишенгенден кийин акырындык менен ыйык болом деп ишенсе анда ал адам каргышка калган адам. Алар Кудайга ишенсе дагы алар дагы эле куткарылуу үчүн мыйзам менен жашообуз керек деп ишенишет.

Кымбаттуу достор биз өз иштерибиз аркылуу актала алабызбы? Биз Ыйсанын Сөзүнө ишенүү аркылуу гана адилет боло алабыз жана ушундай кылуу аркылуу гана куткарыла алабыз. Ыйсанын Чөмүлүүсү, Анын канына жана Анын Кудай экендигине ишенүү аркылуу гана куткарыла алабыз. Ошондуктан Кудай бизге ишеним мыйзамын даярдап койгон. Суу жана Рух аркылуу куткарылуу бул адамдардын иши аркылуу келбейт, бирок Кудайдын Сөзүнө ишенүү аркылуу келет. Кудай

бизди ишеним мыйзамы аркылуу куткарууну даярдады жана жана ушул жол менен биздин куткарылуубуздун аягына чыгат. Эмне үчүн адамдар Ыйсага ишенип алып деле куткарылбай калышы мүмкүн?

Себеби алар суу жана Рух аркылуу болгон куткарылууну кабыл алган эмес. Биз биз ошол адамдар сыяктуу эле жеткилең эмес болсок да биздин Кудайдын Сөзүнө болгон ишенимибиз аркылуу куткарылабыз. Эгерде эки адам жаргылчак тартып жаткан болсо бирөө калып калып иштей берет, ал эми экинчиси болсо көтөрүлүп кеткен болот. Калып калгандары бул куткарыла элек адамдар. Эмне үчүн бирөө көтөрүлүп экинчиси калып калды. Себеби биринчиси угуп Кудайдын Сөзүнө ишенди, ал эми калгандары болсо Мыйзамды кармап аракет кылып Кудай үчүн иштеген күндө да тозоко кетишти. Ал адам Кудайды көздөй жөрмөлөп жөнөдү бирок Кудай аларды Өзүнөн алыс кийиминде жөргөлөп жүргөн коңузду силккенсип силкип таштады. Мыйзамды аткаруу менен куткарылам деп ишенген адам сөзсүз түрдө тозокко кетет. Ошондуктан биз суу жанан Рух аркылуу болгон куткарылууга ишенүүбүз керек.

*«Ал эми мыйзамга таянгандардын баардыгы каргыш астында, Анткени Ыйык Жазууда; «Тооратта жазылгандардын баардыгын аткарбаган адам каргышка калсын» деп жазылган. Мыйзам аркылуу эч ким Кудайдын алдында эч ким акталбастыгы белгилүү. «Анткени адил адам ишеним аркылуу тирүү болот» Ыйык Жазууда*

*«Адил адам ишеним менен тирүү болот» — деп жазылгандай. Жакшы Кабарда Кудайдын адилеттиги ишеним аркылуу ачылып, ишенимге жеткирет. »*

Кудайдын Сөзүнө ишенбөө бул күнөө. Жана Кудайдын Сөзүн четке кагып өз көз карашы менен кароо дагы күнөө. Биз адам болгондуктан Анын Мыйзамын аткарып жашай албайбыз, себеби биз төрөлгөндө эле күнөөкөр болуп төрөлгөнбүз жана өмүрүбүздүн аягына чейин күнөө кылбай жашай албайбыз. Бир жерден кичине жана башка жерден дагы кичине күнөө кетиребиз. Ошондуктан биз денеге баш ийип жашайбыз жана күнөө кылмайынча жашай албастыгыбызды түшүнүшүбүз керек. Адам баласы бул чакага толтурулган кык сыяктуу. Эгерде чакага толтурулган кыкты көтөрүп алып ары бери баса баштасак ал чөйрөнүн баарына чачырап булгап баштайт. Биз да ошол сыяктуубуз каякка барбасак да айланага күнөө чачабыз. Муну элесте аласыңбы же дагы эле ыйык болумуш болуп жашайсыңбы? Эгерде бул нерсени түшүнсөң анда калп эле ыйык болууга аракеттенбестен Ыйсанын суу жана Рух аркылуу болгон жакшы кабарына ишенет элең. Жогорудан төрөлбөгөндөрдүн баардыгы өзүлөрүнүн тоң мойундугун таштап Кудайдын алдында өлө турган күнөөкөр экендигин мойунуна алуулары керек. Ошондон кийин алар Анын Сөзүнө кайрылып Кудай аларды суу жана Рух менен куткаргандыгын билишет.

# Адам баласы күнөөкөр болуп төрөлгөн

**< Марк 7:20−23 >**

**«Адамды ичинен чыккан нерсе арам кылат. Анткени ичтен адамдын жүрөгүнөн; жаман ойлор, ойноштук кылуу, бузуктук кылуу, киши өлтүрүү, уурдоо, кошомат кылуу, ачуулануу, куулук, дүнүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик, акылсыздык чыгат. Мына ушул жамандыктын баары адамдын ичинен чыгып аны арам кылат деди».**

## Адамдар Адашып Өз түшүнүктөрү менен Жашашат.




Баарынан биринчи мен сага мындай деп суроо берейин. Сен өзүңдү кандай көз караш менен карайсың? Сен өзүңдү жакшы адам деп ойлойсуңбу же жаман адам деп ойлойсуңбу? Сен кандай деп ойлойсуң? Баардык адамдардын өзүнчө

түшүнүгү бар. Сен өзүң ойлогончолук жаман болбошуң мүмкүн же өзүң ойлогондой жакшы да болбошуң мүмкүн. Анда кимдин жашоосу жана ишеними туура? Өзү жөнүндө жакшы деп ойлогон адамбы? Же өзүн жаман деп ойлогон адамбы?

Мен сизге дагы бир башка суроо берейин. Кимдин куткарылууга көбүрөөк мүмкүнчүлүгү бар? Аз күнөө кетирген адамбы же көп күнөө кетирген адамбы?

Эсепсиз күнөө кетирдим деп ким ишенсе ошол адамдын куткарылууга көбүрөөк мүмкүнчүлүгү бар, себеби ал адам өзүнүн тозоко баруучу күнөөкөр экендигин мойнуна алып жатат. Мындай адам куткарылуу Сөзүн жана Ыйса аркылуу ага даярдалган куткарылуу жакшыраак кабыл алат. Качан биз өзүбүздү чындык менен карап көрсөк сөзсүз түрдө күнөөгө толгонубузду көрөбүз. Адам баласы ким? Адам бул *«жамандык кылуунун үрөнү»* Исаия 59 да адамдын жүрөгү канчалык бузулгандыгын көрсөтөт. Ошондуктан биз күнөөгө толгонбуз.

Эгерде биз адамдын күнөөгө толгондугун аныктаган күндө да көптөрү буга макул болбойт. Бирок адамдын *«жамандык кылуунун үрөнү»* экендигин аныктасак бул туура. Аныктама. Эгерде биз өзүбүздү чындык көз караш менен карасак биз өзүбүздүн бузулган экенибизди көрөбүз. Эгерде кимде ким өзүн чындык көз караш менен караса ал адам анда ушундай деген жыйынтыка келет.

Бирок көптөгөн адамдар бул нерсени мойундарына алгысы келишпейт. Көптөрү өздөрүн алдап жашашат, себеби алар өздөрүн күнөөсү жок

деп эсептешпейт. Биз баардыгыбыз жамандык кылуучулар болгондуктан биздин чөйрөбүз дагы күнөөкөр. Эгерде бул туура эмес болсо, биз күнөө жазагандан уялмакпыз. Көптөгөн адамдар күнөө жазагандан уялышпайт. Бирок ошондой болсо адамдын абийри бул күнөө экендигин билет. Ар бир адамдын ичинде бул уят экендигин айтып турган абийир жашайт. «Адам менен Обо күнөө кетирген соң бактардын арасына жашынып калышкан». Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар өздөрүн маданият пардасынын артына жашынышат — күнөө маданияты Кудайдын Сотунан качып алап күнөөкөр досторунун арасына жашынышат. Адамдар өздөрүнүн көз караштары менен өзүлөрүн алдап жүрүшөт. Көптөрү мен башкаларга караганда жакшыраакмын деп ойлошот. Качан алар жаман кабар укканда каарданып кыйкырышат. «Кантип адам муну жазайт»?

Кантип адам мындай нерселерди жазайт? Кантип уулу өз атасына мындай нерселерди жазайт? Алар өзүм мындай нерсени жазабас элем деп айтышат.

Кымбаттуу достор, силер өзүңөрдү түшүнүү абдан кыйынга турат. Өзүбүздү билиш үчүн биринчиден күнөөлөрдөн куткарылуубуз керек. Өзүбүздүн адамдык табиятыбызды билүү үчүн көп убакыт керек. Көбүнчөбүз бул чындыкты өлгөнгө чейин билбей кала беребиз.

## Өзүңдү Өзүң Билүү.




Кээде биз өздөрүн такыр билбеген адамдарды жолуктурабыз. Сократ мындай деп айткан экен: «Өзүңдү бил» деп. Көбүнчө адамдар өздөрүнүн жүрөгүн билишпейт: адам өлтүрүү, уурулук, ич күйдүүлүк, бузулгандык, алдамчылык, көрө албастык, жаман көз. Өзүн билбегендердин тилинде жыландын уусу бар, бирок алардын ооздору жакшы сөздөрдү сүйлөшөт. Себеби алар күнөөкөр болуп төрөлүшкөн. Бул дүйнөдө өздөрүнүн күнөөкөр табиятын билбеген көптөгөн адамдар бар. Алар алданышты жана өмүр бою жалганда жашап өтүшөт жана өзүлөрүн өзүлөрү алдап, өзүлөрүн өзүлөрү тозоко ыргытып жаткандыктарын билишпейт.

## Адамдар Өмүр бою Күнөө Бөлүп чыгарып жашашат.

*Эмне үчүн алар тозоко барышат?*

*Анткени алар өзүлөрүн билишпейт.*

Келгиле Марк 7:21—23 тү карап көрөлү.

*«Анткени ичтен адамдын жүрөгүнөн: жаман ойлор, ойноштук кылуу, бузуктук кылуу, киши өлтүрүү, уурдоо, кошомат кылуу, ачуулануу, куулук, дүнүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик акылсыздык чыгат.Мына ушул жамандыктын баары адамдын ичинен чыгып, аны арам кылат».*

Адамдын жүрөгү төрөлө электе эле жамандыка толгон. Келгиле адамдын жүрөгүн ичине күнөө деп аталган сасык суюктук куюлган айнек идишке салыштырып көрөлү. Анан адам ары бери кыймылдаса эмне болот? Сасык суюктук (күнөө) сөзсүз турдө ар кай жака төгүлөт. Ошол сыяктуу эле адам басып турса да күнөө кетире берет. Кайда барсак да биз күнөөнү төгө беребиз. Себеби биз күнөөгө толгонбуз же башкача сөз менен айтканда бизде кунөөнүн уругу жашайт бирок эң жаманы адамдар бул нерсени билишпейт. Биздин жүрөгүбүз күнөөгө толгон жана бул биз төрөлгөндөн эле келе жаткан нерсе. Биз күнөөгө толгонбуз ошондуктан кайда барсак да күнөө бизден ашып төгүлүп турат.

Ошентсе да адамдар чын эле тукумдан тукумга

өтүп келе жаткан күнөөкөр экендигине ишенишпейт. Аларды кимдир бирөө күнөөгө түрткөндүктөн алар күнөө кылабыз жана башкалар күнөөлү ал эми мен жакшымын деп ойлошот.

Күнөө кетирип жаткан убакта да адамдар күнөө кетирдим жана күнөөмдү кайра жууп койсом болот деп ишенишет. Алар күнөө кетирген сайын дайыма сүрүнүп сүртүнүп бул менин күнөөм эмес деп айтышат.

Биз ар дайым кетирген күнөөлөрдөн ошентип тазаланып кайра күнөө кетирип жашоо туурабы? Стаканга куюлган күнөө төгүлө берет жана аны кайра кайра эле сыртын тазалап сүрө бергенден пайда жок. Ошол сыяктуу эле идиште толтура күнөө тургандан кийин биз өзүбүздүн жакшы иштерибиз менен стакандын сыртын тазалай бергенден пайда болбойт.

Биздин күнөөбүз ушунчалык көп болгондуктан күнөөбүз күнүгө төгүлсө да биздин жүрөгүбүз эч качан бош калбайт. Ошондуктан биз өмүр бою күнөө кетирбей жашай албайбыз. Өзүнүн күнөөкөр табиятын түшүнбөгөн адам өзүнүн күнөөкөр табиятын жашырышат Баардык адамдардын жүрөктөрүндө күнөө жашайт идиштин сыртын тазалап жууган менен жүрөк тазарып калбайт. Эгер анте турган болсоңор күнөө төгүлгөнү төгүлгөн жана канча убакытка чейин созулат? Албетте өмүр бою. Адамдар өмүрүнүн акырна чейин күнөөкөр болуп кала беришет. Ошондуктан куткарылуу үчүн биз Ыйсага ишенишибиз керек. Ал эми куткарылуу үчүн биз өзүбүздү билишибиз керек.




Келгиле эки адамды эки стаканга салыштырып көрөлү. Ал стакандарда сасык суюктук же күнөө толтурулган.

Бирөөсү өзүн өзү карап «О! Мен кандай күнөөкөрмүн» деп мага ким жардам бере алат деп жардам издеп жөнөптүр. Ал эми экинчиси өзүн жаман киши деп такыр ойлобойт. Ошондуктан өзүнөн төгүлүп жаткан күнөөлөрдү чүпөрөк менен өмүр бою ары айланып бери айланып тазаланып жүрө берет. Көптөгөн адамдар бир да күнөө кетирбей жашаганга аракет кылышат. Бирок алардын жүрөгүндө жамандык жашап жаткандан кийин, кантип жакшылык кыла алышат. Алардын этияттыгы бейишке бир карыш да жакындатпайт тескерисинче алардын тозоктун жолун табышка жардам берет. Бул сабакты биз жүрөгүбүзгө бекем түйүп алуубуз керек. Алардын этияттыгы мүмкүн кичине тазараак жашаганга жардам берээр, бирок алар ошондой болгон күндө да баары бир күнөөкөр. Адам баласынын жүрөгүндө эмне бар? Күнөө? Жамандык? Ооба! Жаман ойлор? Ооба! Уурулук барбы? Ооба. Кекирейгендик? Ооба! Биз жардам бере албайбыз бирок күнөөгө толгондугубузду

унутпашыбыз керек.

Биз жамандыкты бизге эч ким үйрөтпөсө да жазайбыз. Биздин жаш кезибизде мүмкүн бизге билинбейт. Бирок биз чоңоюп мектеп, техникумдан окуп баштаганда биздин ичибизде күнөө бар экенин көрө баштайбыз. Эмне бул чындык эсеспи? Эгер чынын айтсак биз өзүбүздүн күнөөкөр табиятыбызды жашыра албайбыз. Туурабы? Күнөө кылабыз да андан кийин «Мен муну кылбашым керек болчу» деп өкүнүп калабыз. Биз үчүн толугу менен өзгөрүү мүмкүн эмес. Эмне үчүн? Анткени ар бирибиз күнөөкөр болуп төрөлгөнбүз. Күнөө кетирбөөгө аракет кылып жашоо аркылуу эле биз таза болуп калбайбыз. Куткарылыш үчүн биз күнөөкөр болуп төрөлгөнүбүздү билишибиз керек.

Ыйсанын биз үчүн даярдаган куткарылуусуна ыраазычылык келтирип кабыл алган күнөөкөр гана куткарылат. «Мен эч жамандык жазаган жокмун же жазадым» деп ойлогондор Ыйсага ишенишпейт жана тозоко барышат. Биз баардыгыбыз күнөөкөр болуп төрөлгөндүктөн биздин ичибизде күнөө жашайт. Эгерде кимдир бирөө «мен эч жамандык жазаган жокмун, менин күнөөлөрүм кичинекей эле» деп ойлосо ал адам куткарыла алабы? Жок мындай болушу мүмкүн эмес. Тескерисинче ким өзүн күнөөкөрмүн деп моюнуна алса жана Ыйса биздин күнөөлөрүбүздү Иордан суусуна чөмүлүү менен алып, биздин күнөөлөр үчүн жазаланганына ишенсе ошол адам куткарыла алат.

## Кудай Кичине Эле Күнөөсү Барларды Куткарган Эмес.

*Кудайды алдагандар кимдер?*

*Күнүмдүк күнөөлөрү үчүн кечирим сурагандар.*

Кудай кичине эле күнөөсү барларды куткарбайт. «Кудай менин кичине эле күнөөм бар» дегендерди Кудай жактырбайт. Эгерде кимдир бирөө «Кудай мен күнөөкөрмүн, куткар мени. Эгерде сен куткарсаң мен куткарылам» деп айтса Кудай андай адамдарды куткарат.

Мен тобо кылып дагы сыйына албаймын себеби мен кайрадан эле күнөө кетире беремин. Кудай кимди куткаргысы келсе ал ошолорду куткарат. Мен өзүм күнүгө күнөөлөрүм үчүн тобо кылып жатып чарчагам. Бирок менин тобо кылганым мени күнөөлөрүмдөн куткара алган жок. Ошондо мен Кудайдын алдына келип сыйындым: «Кудай мага боор ооруу жана менин бардык күнөөлөрүмдөн мени куткар» ушундай сыйынуу менен сыйынгандар куткарылышат. Ким Ыйсанын Жакан чөмүлдүрүүчү аркылуу чөмүлгөнүнө ишенсе ал адам куткарылат. Кудай өзүнүн ким экендигин билгендерди гана куткарат. Эгерде ким мен кичинекей эле күнөө кетирдим ошол күнөөмдү кечир десе Кудай андай адамды куткарбайт ал дагы эле өзүнүн күнөөсүндө кала берет. Ким өзүнүн күнөөкөр экендигин мойнуна алгандарды гана

куткарат. Ышайа 59:1— 2, де жазылган,

*«Куткарыш үчүн Кудайдын колу кыскарып калган жок Анын угуш үчүн кулагын жапкан жок бирок силердин тоң моюндугуңар силерди Андан ажыратты».*

Биз күнөөкөр болуп төрөлдүк Кудайдын колу кыскарган жок бирок Ал өзү айткандай *"Силердин тоң моюндугуңар Менден ажыратты. Ошондуктан мен силерди уккпайм жана силерден жүзүмдү жашырам"* дейт.

Себеби бизде абдан көп күнөө жашайт жана ар бир күнөөбүз үчүн кечирим сурасак да бейишке кире албайбыз. Кудай Өз уулун кайра кайра эле курмандыка чала бербейт Ал муну каалабайт дагы. Күн сайын мага өз күнөөлөрүңөр менен келе бербегиле Мен Өз уулумду силердин күнөөлөрүңөр үчүн бердим. Ал силердин күнөөңөрдү кантип алганын түшүнүшүңөр гана керек да чындыкты кабыл алышыңар керек.

Анан суу жана Рух жакшы кабарына ишенип куткарылып калууңар керек. Бул менин силерге болгон чоң сүйүүм деп Кудай айтып жатат. Мен силердин күнөөлөрүңөрдү алып кетсин деп Өз жалгыз уулумду жибердим. Ага ишенгиле да куткарылып калгыла. Ким өзүнүн күнөөкөр экендигин билбесе ал адам ар бир күнөөсү үчүн кечирим сурай берет. Алар өзүлөрүнүн күнөөсү көп экендигин билбей Кудайга барып кечирим сурашат. Кудай кечир муну экинчи жазабайм деп айтышат. Мындай сыйынуулары менен алар Кудайды алдап жатышат. Бир бир эле жолу күнөө кылбайбыз биз токтолбостон өлгөнгө чейин күнөө кылабыз.

Биздин дене өлгөнгө чейин күнөөнүн мыйзамын аткара берет. Сенин кичинекей күнөөң кечирилгенден кийин деле сен куткарылбайсың себеби биз сансыз күнөө кетиребиз. Жалгыз гана жол биз өз күнөөлөрүбүздү Ыйсага жүктөп беришибиз керек.

*Адамдын табияты кандай?*

*Күнөөгө толгон.*

Ыйык Жазуу ал эмес адамдын күнөөлөрүн санап берет.

*«Сенин колуң кан менен булганган, манжаларыңда эмандык, ооздоруң жалганды сүйлөйт, Эч ким адилеттикти, чындыкты издебейт. Куру сөздөргө ишенишет жана жалган сүйлөшөт алардын боюна жамандык бүтөт, кыянат иштерди төрөшөт. Уу жыландын жумурткасын чыгарышат, жөргөмүштүн желелерин токушат. Алардын жумурткасын жеген адам өлөт, эгерде жарса ичинен жылан чыгат. Алардын желелери кийимге жарабайт, өзүлөрү чыгарган нерселер менен жамына алышпайт. Алардын иштери адилетсиз иштер, зордук — зомбулук алардын колунда. Алардын буттары кыянаттыка жүгүрөт, жазыксыз кан төгүүгө ашыгышат. Алардын ойлору адилетсиз ойлор, кыруу жана кыйратуу алардын жолунда. Алар тынчтыктын жолдорун билишпейт. Алардын жолдору кыйшык. Ал жол менен бараткандар тынтчык дегенди билишпейт. » (Ышайа 59:3—8).*

Адамдардын колдору жамандыкка толгон жана баардык өмүрү күнөөлүү. Алар жазаган иштердин баары жаман. Жана биздин тил *калпты сүйлөйт.* Оозубуздан чыккан сөздүн баары жалган. *Качан шайтан жалган сүйлөгөндө ал өз булагынан чыккан калп болчу. (Жакан 8:44).*

Бүгүн ким кайрадан төрөлө элек болсо мен чындыкты айтам Мен айтып жаткан сөздөрдүн баардыгы чындык. Жамандык сенин жүрөгүңдө жашайт. Ошондуктан Суу жана Кан жакшы кабарына ишениүүбүз керек. Мен качан Кудай жөнүндө сүйлөп баштаганда «Ой мага Кудай жөнүндө айтпачы, качан мен бир нерсе кылайын десем эле менден күнөө өзү эле чыга калат. Мен күнөөкөрмүн. Менде үмүт жок. Мени менен Ыйык Кудай жөнүндө сүйлөшпө».

Бул адам өзүнүн күнөөкөр экендигин билет бирок Кудай аны куткарып когондугун билбейт. Өзүнүн күнөөкөр экендигин билген адам гана куткарыла алат. Мындай күнөөдөн биз Кудайдын күчү аркылуу гана куткарыла алабыз. Кандай гана сонун.

Ал эми ким ачуусу келип турганда, кубанып турганда жана өзүн жакшы сезип турганда күнөө кетирсе да алар баары бир Ыйса Машаяк аркылуу гана куткарыла алышат. Ыйса бизди куткаруу үчүн келди. Ал биздин күнөөлөрүбүздү толугу менен алды. Сен өзүңдүн эч нерсеге жарабаган күнөөкөр экениңди мойнуңа алсаң гана куткарыласың.

# Эгер Биз Мыйзам Менен Жашасак Куткарылабызбы?

**< Лука 10:25–30 >**

**«Ыйсаны сынамакчы болгон бир мыйзам окутуучу ордунан туруп, Андан: «Устат түбөлүк өмүргө ээ болушум үчүн эмне кылышым керек?» деп сурады. Ыйса ага « «Тоорат» китебинде эмне деп жазылып турат? Андан кандай сөздөрдү окуп жүрөсүң деп сурады. Кудай Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй өзүңдү кандай сүйсөң жакыныңды ошондой сүй» деп жооп берди. Ыйса ага «сен туура жооп бердиң, ушундай кыл ошондо түбөлүк өмүргө ээ болосуң» деди. Бирок ал өзүн актамакчы болуп Ыйсадан: «Менин жакыным ким?» деп сурады. Ыйсага ага муну айтып берди: «Бир адам Иерусалимден Жерихо шаарына бара жатып, каракчылардын колуна түшүп калат. Каракчылар анын кийимин сыйрып алып, сабап, араң жан кылып таштап кетишет.»**

*Адам баласынын эң чоң кыйынчылыгы эмне?*

*Алар көптөгөн өздөрүнүн жалган түшүнүктөрү менен жашашат.*

Лука 10:28, *"Муну кылсаң түбөлүк өмүргө ээ болосуң."*

Адамдар өз түшүнүктөрүнө алданып жашашат. Алар интелегент көрүнүп өздөрүнүн жаман жактарын көрбөй алданып калышат. Биз өзүбүздү билбей төрөлдүк жана дагы эле ошол бойдон жашап келе жатабыз. Адамдар өздөрүн билбейт, бирок Библия бизди күнөөкөр деп атайт.

Адам жакшылык кыла алышпайт, бирок өздөрүн жакшы кылып көрсөтүүгө аракет кылышат. Алар күнөөкөрмүн деп ооздору менен айтып жатса да жакшы иштери менен мактанышат. Алар өздөрүнүн ичинде жакшы нерсе жана жакшылык да жашабасын билишпейт. Алар башкаларды алдашат жана өзүлөрүн алдашат.

«Кантип эле таптакыр жаман болуп калалы. Биздин ичибизде жок дегенде кичине жакшылык жашаар». Андан соң башкаларды карап алышып айтышат: «Ай ай ай, тигил адам ушундай ишке барбай эле койсо болмок экен, бул адам ушинтип сүйлөбөй эле койсо болмок экен. Бул адамдын ишенгенине абдан көп жыл болуптуп анан ошондой болуп жүрүшпөйбү. Мен жаңы эле

куткарылдым кичине дагы убакыт өтсө мен андан да көп иш кылам. Күтүп тургула мен силерге окшош эмесмин баарыңарга ким экенимди көрсөтөм. Библияда ким акыркы болсо ошолорду биринчи кылам айтылган». Адамдар өзүлөрүн өзүлөрү алдашат. Бирок ошол соттоп жаткан адамдар ал адамдын ордуна өзүлөрү болсо деле ошондой кылышмак.

Насаат айтканы элдин алдына чыгып алып ал деле буттары титиреп сүрдөмөк. Адам жакшылык кыла алабы деп сураганда көптөгөн адамдар ооздору менен «жок» деп жооп беришет. Бирок жүрөктөрүндө, биз жазай алабыз деп ойлошот. Андай адамдар өлгөнгө чейин жакшы болууга аракет кылып жашап жүрө беришет. Алар биз жакшы боло алабыз, биздин жүрөгүбүздө жакшы нерсе жашайт деп ойлошот.

Качантан бери динчил болуп жүргөндүгүнө карабастан мындай нерселер болот өзгөчө жыйында кандайдыр бир кызмат кылып көтөрүлүп калгандар «Мен муну Теңир үчүн жазайм» деп ойлошот. Ал эми Теңирди биздин жашообуздан алып салсачы? Биз жакшы нерсе кыла алабызбы? Дайыма эле жакшы иш жазап жашайбызбы? Адам баласы жакшылык кыла албайт. Качан өз күчү менен бир нерсе жазоого аракет кылганда, ошол нерсе аларга күнөө болот. Кээ бири Ыйсаны кабыл алгандан кийин Ыйсаны четке кагып коюп өздөрүнчө жакшы иш кылып кетип калышат. Биздин ичибизде жамандыктан башка эч нерсе жашабайт. Ал эмес куткарылгандар да өзүбүздүн күчүбүзгө таянуу менен күнөө гана кылабыз.

Биздин денени чындык көз менен караганда ушундай.




Биздин рухий ырлар китебибизде *Ыйсанын атына даңк, Биз Сенсиз мүдүрүлөбүз, биз капитаны жок эле деңизде жүргөн кемедейбиз* деген ыр бар. Биздин күнөө кылган гана колубуздан келет. Ал эми жакшы иштерди куткарылгандан кийин гана жазап баштайбыз.

Апостол Пабыл айткан, *«Мен кылайын дегенимди кыла албайм, ал эми кылбайын дегенимди кылам». (Римдиктер 7:19).*

Эгерде Ыйсага ишенген адам болсо эң жакшы ал эми Ыйсага тиешеси жок адам жакшы иш кылайын десе деле Кудайга жакпайт. Канчалык адам аракет кылган сайын ошончолук жамандык кылат. Ал эмес Дөөт падышанын да табияты ушундай болгон. Качан өлкөдө тынчтык жана токчулук болуп турганда бир күнү кечинде, ал сейилдегени чыгат ал жактан азгырыка дуушар болот. Ал Кудайды унутуп калганда эмне болду? Ал Башеба менен ойноштук кылып анын күйөөсү Урияны өлтүрдү. Бирок ал өзү кылган жамандыкты көргөн жок. Тескерисинче ал кылган күнөөсү үчүн шылтоо тапты.

Бир күнү Нафан пайгамбар келип ага айтты:

*Бир шаарда эки адам жашаптыр, бирөө бай экинчиси болсо жакыр болгон экен. Бай адамдын абдан көп малы болуптур. Бирок жакырдын бир козусунан башка эч нерсеси жок болуптур. Бир күнү бай адамдын үйүнө конок келет. Ошондо ал өзүнүн малынан союп бергиси келбей жакыр адамдын козусун алып союп берет. (2 Шемуел 12:1—4).*

Ошондо Дөөт мындай деп айтат, *«Ал адам өлүм жазасына татыктуу».* Себеби анын абдан ачуусу келген эле. Ошондо Нафан ага мындай деп айтты: *«Ал адам сенсиң».* Эгер биз Ыйсаны ээрчибесек жана Аны менен болбосок кайра төрөлгөн адам деле ушул сыяктуу күнөөлөрдү жазайт. Ыйсасыз биз дайыма жыгылабыз жана күнөө жазайбыз. Ошондуктан биз бүгүн дагы бир жолу Ыйса бизди куткаргандыгы үчүн ага ыраазычылык келтиришибиз керек. Ыр *«Мен Ыйсанын айкаш жыгачынын алдында эс алганды каалайм»* Биздин жүрөктөр Ыйсанын куткаруусунда эс алат. Ал биз өзүбүздүн күчүбүзгө таянсак эч качан эс ала албайбыз.

## Кудай Мыйзамдын Алдында Ишеним Адилдигин Бизге Берди.



Апостол Павел Кудай бизге ишеним адилдигин башында эле берген деп айткан. Ал Адам менен Обого, Каин менен Абелге, Сиф менен Энохко, Нухка, Ибраимге, Исаака Жакыпка жана анын он эки баласына берген. Алар мыйзамды аткарбаса деле Анын Сөзүнө ишенүү аркылуу адилет болуп калышкан. Анын Сөзүнө ишенгендиктери үчүн алар бата алып жана тынчтыка ээ болушкан. Убакыт өтүп Жакыптын тукуму Жусуптун айынан Мисирде 400 жыл кул болушкан. Андан кийин алар Кудай аларды Муса аркылуу алып чыгып Канаанга киргизген. 400 жылдын ичинде алар ишеним аркылуу акталууну унутуп калышкан. Андан кийин Кудай керемети менен аларды Кызыл деңизден өткөрүп чөлгө алып келген. Качан алар күнөөнүн чөлүнө келгенде, Синай тоосунан алар Мыйзамды алышкан. Алар он осуят кошулган андан сырткары 613 мыйзамды алышты. Ошондо Кудай аларга айтты, *«Мен силердин Теңириңер жана Кудайыңармын, Мен Ыбырайымдын, Исаактын, Жакыптын Кудайымын, Муса Синай тоосуна чыксын жана мен ага Мыйзамды берем»* Ошонодо Кудай аларга Мыйзамды берди. *«Алар күнөөнү таанысын деп» (Рим 3:20).*

Ал аларга Кудайга эмне жагат, эмне жакпасын, өзүнүн адилеттигин жана Ыйыктыгын көрсөтүш үчүн берди. Израел 400 жыл Мисирде жашап Ибраимдин, Исаактын жана Жакыптын Кудайын таанышкан эмес. Ошол убакта алардын жетекчиси жок болчу. Ал эми Ибраим, Исаак жана Жакып алардын жетекчиси болчу. Жусуп качан өзүнүн балдарына Манасия жана Ефремге ишенимди

улантып кетүүнү тапшырганда жаңылса керек.

Ошондуктан алар Өз Кудайын таанууга муктаж болушкан. Биз эсибизге бир нерсени түйүп алышыбыз керек. Кудай аларга биринчи ишеним аркылуу адилетүүлүктү берди андан кийин гана Мыйзамды берди. Качан алар ишенимди унутуп калгандан кийин аларды өзүнө кайтарып келүү үчүн аларга Мыйзамды берди. Израелди куткарып аларды өз эли кылыш үчүн аларга Мыйзамды берди жана аларды сүннөткө отургузулгула деди. Анын аларга мыйзамды берген максаты аларга өзүнүн бар экенин жана алар Анын алдында күнөөкөр экендигин көрсөткөндү каалаган. Кудай алардын Ага келип Анын курмандык аркылуу куткарылгыла деген осуятына баш ийүүсүн каалаган. Ошентип алар Кудайдын эли болуп курмандык алып келүү аркылуу куткарылып Машаяк келет деп күтүп жашап калды. Бирок курмандык алып келүү жолу да акырындап бузула баштады. Келгиле Лука 10:25 ти карап көрөлү Ыйсаны сынап жаткан дин окутуучу мындай деп айткан. Ал адам фарисей болгон, ал эми фарисейлер абдан катаал, Кудайдын Сөзү менен жашаганга абдан аракет кылган адамдар эле. Алар биринчи өз өлкөсүн коргоп андан кийин гана Кудайдын Сөзүн аткара турган адамдар болчу. Дагы ал жакта зилоттор болоор эле. Алар Израел Рим Империясынын алдында кыйналып жаткандыгы үчүн алар көптөгөн баш аламандыкты уюштурушчу.

> *Ал эми Ыйса көбүнчө кимдер менен көбүрөөк жүргөн?*
>
> *Кайтаруучусу жок койлорго окшогон күнөөкөрлөр менен.*

Бүгүнкү күндө да ошолорго окшогон динчил адамдар бүгүнкү күндө да бар. Алар кандайдыр бир кыймылдарды башташат да айтышат «Дүйнөдөгү кыйналган адамдарды куткаргыла»

Алар Ыйса жакырларды жана кыйналгандарды гана куткарыш үчүн келген деп ойлошот. Себеби алар теологиялык семинариядан политиканы окуп ага аралашышат жана коомдогу кыйналгандарды боштондука чыгарганды каалашат. Бул адамдар келгиле баарыбыз Ыйык жана Ырайымдуу Мыйзам менен жашайлы дегендер. Бирок алар Кудайдын ачылыштары менен эмес тамга менен жашап жатышат.

Ошондуктан Кудайдын кызматчылары да, пайгамбарлар да Ыйса келгенге чейин 400 жыл бою чыккан эмес. Ошондуктан алар кайтаруучусу жок койлордой болуп калышса керек. Алар же мыйзамы жок же чыныгы жетекчиси жок калышкан. Кудай ошол убактагы эки жүздүү дин окутуучулары аркылуу ачылган жок. Ыйса Өзүн ээрчип жүргөн адамдарды ачка жибербестен аларга кайтаруучусу жок койлордой боор ооруп алар үчүн кам көрдү. Ал эми ошол убактагы фарисейлер жана

башкалар кадыр барк күтүп өздөрүн таза окутуубуз деп эсептешчү. Алар өтө текебер болушкан. Дин окутуучу Ыйсадан Лука 10:25, *«Түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн эмне кылышым керек»? деп сурайт.* Менимче ал Израелде менден артык эч ким жок деп ойлосо керек. Демек бул куткарылбаган дин окутуучу Ыйсага теңелем ойдо болуп *«Түбөлүк өмүргө ээ болуш үчүн эмне кылышым керек?»* деп сурады. Бирок ушул дин окутуучудан да биз өзүбүздү көрсөк болот.

Ал Ыйсадан *«Түбөлүк өмүргө ээ болуш үчүн эмне кылышым керек?»* деп сурады.

Ал эми Ыйса мындай деп жооп берди:

*«Мыйзамда эмне деп жазылган? Жана андан эмнени окудуң эле?»* Андан ал жооп берди, «*Кудай Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй өзүңдү кандай сүйсөң жакыныңды ошондой сүй» деп жооп берди. Ыйса ага «сен туур жооп бердиң, ушундай кыл ошондо түбөлүк өмүргө ээ болосуң» деди.*

Ошондо Ал ага мындай деп айтты. *Ыйса ага «сен туур жооп бердиң, ушундай кыл ошондо түбөлүк өмүргө ээ болосуң» деди.* Ыйса айтты: *Ыйса ага «сен туур жооп бердиң, ушундай кыл ошондо түбөлүк өмүргө ээ болосуң» деди.* Ыйса мындай суроо берди *«Мыйзамда эмне деп жазылган?Жана андан эмнени окудуң эле? Биз мыйзамды аткара албаган күнөөкөрлөрбүз.»*

Бул аят аркылуу Ыйса сага да мага да мыйзамды түшүнөөрүбүз жөнүндө суроо берип жатат. Башка адамдар сыяктуу эле бул дин окутуучу да мыйзам аны аткарыш үчүн берилиптир

деп ойлоп алган. Ошондуктан ал ушундай деп жооп берди.

*"Кудай Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй өзүңдү кандай сүйсөң жакыныңды ошондой сүй"*

Мыйзамда эч кандай күнөө жок. Ал бизге жеткилең мыйзам берген. Ал бизге Кудай Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй деп жана өзүңдү кандай сүйсөң жакыныңды ошондой сүй деп айтты.

Бирок бул ыйык осуяттарды биз эч качан аткара албайбыз.

*«Мыйзамда эмне деп жазылган? Жана андан эмнени окудуң эле?* Деген суроонун мааниси мыйзам жеткилең дегенди билдирет. Бирок силер аны кандай түшүнөсүңөр. Мыйзам бизге өз алсыздыгыбызды түшүнүшүбүз үчүн берилген. «Сен күнөө кылдың. Мен өлтүрбө десем да сен өлтүрдүң. Эмне үчүн менин тилимди алган жоксуңар»?

Мыйзам адамдардын күнөөсүн ачыкка чыгарат. Мен бул жакка келе жатып жолдон бышкан коон көрдүм деп коелу. Кудайдын закону «Бул коонду үзбө» деп айтып жатса. Менин аларды үзгөнүм бул уят. «Мен Ооба Ата деп айтам» Бирок мен аны үзбөшүм керектигин уккандан кийин биз үзгүбүз келип баштайт. Эгер биз пружинаны ылдый бассак ал кайрадан артка тебет.Адамдар да ошол сыяктуу. Кудай бизди жамандык кылба деп айтат. Кудай минтип айтканга акысы бар. Себеби ал ыйык, жеткилең. Биз болсо эч качан аны аткара албайбыз.

Эмне үчүн Кудайдын Сөзү эч качан деген сөздү колдонот. Эмне үчүн? Себеби адамдардын жүрөгүндө ойноштук жашайт. Биз ойноштук кылабыз, себеби биздин жүрөгүбүздө ойноштук жашайт. Биз Ыйык Жазууну маани берип окушубуз керек. Качан мен биринчи жолу Ыйык Жазууну изилдеп окуганда Ыйса биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлгөнүн окуп көзүмдөн жаш токтобой ыйлап жаттым. Мен ушунчалык жаман адам болгондуктан Ал мен үчүн айкаш жыгачта өлүүгө туура келди. Ошондо менин жүрөгүм ушунчалык катуу ооруп мен ага ишенип калдым. Ошондо, «Эгер мен ишенсем анда Жазуунун негизинде гана ишенем деген чечимге келдим».

Качан мен Чыгуу 20 окуганда *«Сенин Менден башка кудайың болбосун»* Мен тобо кылдым жана мурун башка кудайларым бар бекен деп эстеп жаттым. Анын атын бекер чакырдымбы? деген суроо берип тобо кылдым. «Теңир мен буркандарга сыйынгам. Бул үчүн мен соттолушум керек. Кечир мени мен экинчи андай кылбайм».

Биринчи күнөөм үчүн тобоо кылган соң, Анын атын бекер чакырганымды эстедим. Жаңы Кудайга ишенгенде тамеки тартанымды эстедим. Ошондо менин досум «Сен Кудайднын атын уят кылып жатасың» деп айткан. Кантип машаякчы тамеки тартсын? Ошондо мен кайра «Теңир» деп анын атып бекер чакыргам. Теңир кечир мени. Мен мындан ары тамеки тартпайм. Бирок мен тамеки тартканды бир жылга чейин уланта бердим.

Бул мен үчүн абдан кыйын болду. Мен үчүн тамеки таштаган өтө кыйын болду. Бирок акыры

тамекини таштадым. Бирок мен дагы башка күнөөлөрүм бар экенин сезип жаттым. Бул мен Ишембини сактабаптырмын. Демек мындан ары Ишемби күндөрү эч нерсе жазабашым керек. Ошентип Ишембиде иштегенди да токтоттум. Андан кийин Ата — Энени сыйла дегенди окудум. Ата — энемди алыста жүргөндө сыйлачумун. Ошондо «Кудай мен күнөө кылдым, кечир деп сыйындым». Ошондой болсо да мен ата — энемди сыйлай алган жокмун. Себеби ошол убакта алар бул дүйнөдөн өтүп кетишкен эле. Мен эмне кылышым керек? «Теңир мендей күнөөкөрдү кечир» Сен айкаш жыгачта мен үчүн өлгөнсүң. Сен айкаш жыгачта мен үчүн өлдүң. Ошентип мен күнөөмдүн баарынан тазаланып бүттүм. Бирок башка мыйзамдарды бузганда мен Теңирден кечирим сурам ар күнү сыйынып турдум. Ыйсанын айкаш жыгачта өлгөнүн эстеген сайын мен билдим ал үчүн кандай кыйын болгонун.

Ал мен үчүн өлгөнүн, сүйүүсүн эстеп күнү — түн ойлонуп ыйлап Ага ырахмат айтчумун. Жыйынга барган биринчи жылым оңой жана жөнөкөй өттү. Андан кийинки эки жыл мен үчүн абдан кыйын болду. Күнөөлөрүм үчүн ыйлап чарчап, көзүмдөн жаш чыкпай калганда тоого үч күндөп орозо кармап баштадым.Ошондо кайрадан көзүмө жаш кайра келди. Жыйындан ыйлап жатсам башкалар «Тоого барып сыйынып бизге караганда ыйыгыраак болуп калган турбайсыңбы» деп айтышты. Бирок бир күнү дагы көзүмдөн жаш чыкпай калды. Үчүнчү жылы мен үчүн ыйлаш дагы кыйыныраак болду. Төртүнчү жылы көзүмдөн

кайра жаш чыкпай калды.

Беш жылдан кийин такыр ыйлабай калдым. Ошондо мен өзүмдөн өзүм жийиркенип калдым. Ошондо Кудай мени кайрадан Ыйык Жазууга алып келди.

*Мыйзам жөнүндө биз эмне билишибиз керек?*

*Биз мыйзамды аткара албайбыз.*

Рим 3:20, *«Мыйзам аркылуу күнөө таанылат»* деп жазылган. Мурун мен бул аятты Апостол Пабылга гана жазылган деп ойлочумун жана өзүмө жаккан сөздөргө гана ишенгенге аракет кылчумун.

Бирок качан менин көз жашым кургагандан кийин, мен өзүмдүн динчилдик ишенимимди уланта албай калдым. Мыйзам боюнча жашаганды да токтоттум. Себеби мыйзамды биз аткарышыбыз үчүн берилбегенин билдим. Акырында мен Жазуудагы дин окутуучусуна окшошуп калдым.

Себеби Жазуудагы Осуяттардын баарын жүрөгүмдөн бузган элем. Ал эми жүрөктөн бузган да күнөө. Мен мыйзамды аткарганда кубанып ал эми аткара албаган убакта кайгырып калдым. Акырында таптакыр эле чөгүп кеттим. Мыйзамдын мааниси такыр башка. Мыйзам биздин канчалык күнөөкөр экенибизди көрсөтөт. Силер дүйнөнүн жолдору менен жашагыңар келеби? Мыйзам

силерге аны аткарыш үчүн берилген эмес. Бирок өзүңөрдүн күнөөкөр экениңерди жана жүрөгүңөрдө жамандык жашашын билишиңер үчүн берилген. Эгерде ошол убакта мага бирөө чындыкты үйрөтсө мен он жыл кыйналмак эмесмин. Мен чындыкты түшүнгүчөктү 10 жыл мыйзамдын алдында жашап келдим. Төртүнчү осуят болсо *«Ишембини ыйык тут»* деп айтат. Демек биз Ишемби күнү иштебешибиз керек. Эгерде бир жакка бара турган болсок машинага түшпөй жөө басышыбыз керек деп үйрөтүшөт. Мен Кудайдын Сөзүн айта турган жерге жөө барган абдан жакшы деп ойлочумун.

Биз качан мыйзамды аткара албастыгыбызды билгенде гана бизге куткарылууга мүмкүнчүлүк болот. Ошондо гана биз Суу жана Рух аркылуу болгон куткарылууга ээ боло алабыз. Биз качан Ыйсаны тааныганда бизге болгон айыптан да кутулабыз. Биз эң чоң күнөөкөрлөрбүз. Бирок биз такыбаабыз себеби Ал бизди суу жана Рух аркылуу куткарган. Ыйса бизге айткандай биз эч качан анын эрки менен жашай албайбыз. Ушул эле нерсени ал дин окутуучуларга айткан, бирок алар бул нерсени түшүнүшкөн эмес. Ошондуктан Ал алар түшүнүш үчүн ошол окуяны айтып берген.



*"Бир адам Иерусалимден Иерихонго бара жатып каракчыларга жолугат. Алар анын кийимин тоноп анын жарым жан кылып сабап кетишет." (Лука 10:30).*

Ыйса бул окуяны дин окутуучунун ал өмүр бою кыйналып келген көйгөйүнө көзүн ачыш үчүн айтып берди. Ошол адам каракчылардан токмок жеп өлүп кала жаздаган сыяктуу дин окутуучуну ал адамга салыштырды. Иерихон бул дүйнөнү түшүндүрөт. Ал эми Иерусалим болсо ыйык шаар, ишенимдин шаары жана ал жакта мыйзамга таянып жашагандардын шаары.Бул окуядан эгерде биз Ыйсага ишенип туруп дагы эле динчилдик жашоо менен жашап жатсак анда биз талкаланаарыбызды билебиз.

*"Бир адам Иерусалимден Иерихонго бара жатып каракчыларга жолугат. Алар анын кийимин тоноп анын жарым жан кылып сабап кетишет."* Иерусалим бул чоң шаар болгон жана ал шаарда көптөгөн адамдар жашаган. Ал жакта ыйык кызматчылар, левиттер жана башка динчил адамдар жашаган. Ал жакта мыйзамды жакшы билген адамдар көп болгон. Алар мыйзамды аткарып жашаганга аракет кылышкан. Бирок канчалык мыйзам боюнча жашаганга аракет кылышса да ал аракеттери ишке ашкан эмес. Ошондо алар Иерихон шаарына аттанышкан

Алар кайра кайра дүйнөгө (Иерихон) карап жыгылышты жана кайра кайра каракчыларга жолугуп турушту. Ал эми Ыйса айтып берген окуядагы адам да каракчыларга жолукту. Каракчылар анын кийимин айрып сабап кетишти.

Кийим айрылганы анын адилеттиги айрылды дегенди түшүндүрүөт. Мыйзам жашоо бизге мүмкүн эмес.

Рим 7:19—20, *«Мен өзүм каалаганды жазабайм, бирок эмнени каалабасам ошону жазайм. Эгерде мен каалабаганымды жазап жатсам анда аны менин ичимдеги күнөө жазап жатат».* Менин Анын Сөздөрүн аткарып жашаганды каалайт элем. Бирок адамдын жүрөгүндө жаман ойлор, ойноштук, адам өлтүрүү, уурулук, бузулгандык, алдамчылык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик жана акылсыздык жашайт. (Марк 7:21—23).

## Күнөө Баардык Адамзаттын Жүрөгүндө Жашайт.




Марк 7, де *«Адамдын ичине кирген эч нерсе аны арам кылбайт, бирок адамдын ичинен чыккан нерсе адамды арам кылат.»* Бирок Ыйса адамдын жүрөгүндө жаман ойлор, ойноштук, адам өлтүрүү, уурулук, бузулгандык, алдамчылык, Кудайга акаарат келтирүү, текебердик жана акылсыздык жашайт деп айтып жатат. (Марк 7:21—23).

Биздин баарыбыздын жүрөгүбүздө адам өлтүрүү жашайт. Адам өлтүрбөгөн бирөө да жок. Эне өз балдарына кыйкырат. «Муну жазаба. Келесоо, мен

сага жазаба деп айтпадымбы. Кайра кайра эле айта беремби. Дагы жазасаң сени өлтүрөм». Бул адам өлтүрүүчүлүк. Ойлонбой сүйлөгөн сөздөрүбүз менен өз акылыбызда балдарыбызды өлтүрөбүз. Балдарыбыз бат баттан качып кеткендиктен эле тирүү жүрүшөт. Биздин ачуубуз келип турганда аларды кармап алсак өлтүрүп салуубуз мүмкүн. Кээде «Оо Кудай эмне кылып жибердим» деп чочуп кетебиз. Ушул кичинекей баланы чаап мен келесоо болдум деп өзүбүздү урушабыз. Биздин жүрөгүбүздө адам өлтүрүү жашагандыктан ошондой кылабыз. Демек биз өзүбүз каалабаганды жазап жатсак биз жаманбыз. Шайтан үчүн бизди күнөөгө азгыруу абдан оңой.

Келгиле куткарылбаган адам үйдөн чыкпай дубалды карап Корей Улуу монахы Сункол сыяктуу 10 жыл отурду дейли. Бетин дубалды каратып отурган убакта эч нерсе эмес. Бирок ага тамак алып келип бергенге, идиштерди кайра алып кеткен киши керек. Ал эркек болсо эч нерсе эмес, ал сулуу аял киши болсо ал аны көргөн сайын ойноштук кетирет. Ал ичинен отуруп ойноштук кылбаш керек, менин жүрөгүмдө жашайт бирок мен аны башкарам деп жатса. Ар бир жолу аял кишини көргөн сайын ал аракети текке кетет. Ал эми качан ал аял киши кеткенден кийин, ал өз жүрөгүн карап көрөт. Беш жылдан бери кылган аракетти текке кеткннин көрөт.

Адамдын адилеттигин алып коюу шайтан үчүн абдан оңой. Шайтан бул дайыма түрткү берип шыктандырып коёт. Куткарылбаган адамдын ичинде мындай күрөш жүрүп жаткан убакта ал

адам кайра кайра жыгыла берет. Ал адам ар бир чогулушка барганда ондугун калтырбай берип жатса да, кырк күн орозо кармаса да, жүз күндүк сыйынууга чыкса да шайтан алдайт. «Мен сага абдан жакшы жумуш берем. А бирок сен Ишемби күндөрү иштебейсиң да. Бирок, бул деген абдан жакшы жумуш. Мүмкүн 3 Ишемби иштейсиң анан төртүнчү Ишембиде анан жыйынга барасың. Ошондо көп акча ала баштайсың. Кандай дейсиң?». Мындай азгырыкка абдаган көп адамдар мүмкүн 100 дөгөн адамдар туруштук бере алышмак эмес. Ал эми бул ишке ашпаса шайтан башка нерсе ойлоп чыгат. Ал аялга болгон лаззатты колдонуу менен бат эле капканга түшүрүп коет. Аялды алып келип эркектин алдына койсо ал ошол замат Кудайды унутуп лаззатты ойлоп калат. Ошондой болуп адамды адилеттиги айрылып — тытылып калат. Эгер биз мыйзам менен жашаганга аракет кылсак анда күнөөдөн жаракат, оору, жакырчылыкты алып өз адилетигибизди жоготуп алабыз.

*"Бир адам Иерусалимден Иерихонго бара жатып каракчыларга жолугат. Алар анын кийимин тоноп анын жарым жан кылып сабап кетишет."*

Ошондуктан биз Иерусалимде калып мыйзам менен жашаганга аракет кылсак алсыздыгыбыз менен чалынып жыгылабыз жана аягында талкаланабыз. Кудайдын алдына келип тобо кылсак да : «Теңир мени кечир экинчи күнөө кылбайм. Бул акыркы жолу деп Сага убада берем» деп сыйынышың мүмкүн. Бирок бул эч качан акыркысы болбойт. Анткени адам бул дүйнөдө

күнөөсүз жашай албайт. Мүмкүн бир же эки жолу күнөө жазабай койушу мүмкүн. Бирок адам күнөө кетирбей жашай албайт. «Теңир мени кечир» эгер дайым эле ушинтип жашасак, бир күнү андан тажап жыйынга келбей Кудайдан алыстап акыры тозоко кетебиз. Иерихонго кетүү деген бул Иерусалимден алыстап дүйнөгө кетүү дегенди түшүндүрөт. Башында Иерусалим жакыныраак көрүнөт, а бирок качан кайра кайра тобо кылуу жана күнөө кылуу улантыла бергенде биз өзүбүздүн Иерихондун борборуна жетип жыгыл калганыбызды көрөбүз.

*Кимдер куткарылат?*

*Өз адилеттигин койбогондор.*

Ал адам Иерихонго кетип бара жатканда кимге жолукту? Ал каракчыларга жолукту. Түшүнбөстөн мыйзам менен жашап келген адам бул ээсинен адашкан итке окшош. Ал адам ичип жеп, уктап, көрүнгөн жерге заара кылып жүрө берет. Эртең менен кайра ойгонуп кайра ичип жейт. Ээсинен адашкан ит өз богун ичип жейт. Ошондуктан мындай адамды биз ит деп атасак болот. Ал адам ичпеш керек деп билет, бирок ошого карабастан ал тобо кылып кайра эле ичип жеп жүрө берет. Бул адам жолдон каракчыларга жолуккан адамга окшош. Ал артта калган жана жараланган адам. Ал адамдын жана башка баардык адамдардын жүрөгүндө күнөө бар. Иерусалимде Ыйсага

ишенген жана мыйзамды аткарууга аракет кылса дагы жүрөгүндө күнөө жашаган адамдарга толтура.

Жүрөгүндө күнөө жашаган адамдар тозоко кетишет. Алар өзүлөрүнүн тозоко бара жаткандарын билишет бирок ал нерседен кантип кутулушаарын билишпейт. Сен жана мен дагы мындай динчил шаарда болгонбуз туурабы? Ооба. Ал жакта биз баарыбыз окшош болчубуз. Мыйзамды туура эмес түшүнгөн дин окутуучулары өмүр бою кыйналышкан жана баардыгы тозоко кетишкен. Алар сен экөөбүзгө окшогон эле адамдар болгон. Ыйса гана бизди куткара алат. Биздин арабызда көптөгөн билимдүү адамдар бар алар ар дайым өз билими менен мактана беришет. Алар дайыма мыйзам менен жашаганга аракет кылышат жана өзүлөрүн өзүлөрү алдашат. Алар чынчыл эмес, бирок ишенимдүү көрүнүш үчүн алар ар дайым сырткы кебетелерин жазашат. Булар Иерихонго кетип бара жатып токмок жеген адамдар. Биз Кудайдын алдында кандай жийиркеничтүү экенибизди билишибиз керек.

Биз Кудайдын алдында баардыгын мойнубузга алышыбыз керек. «Теңир мен тозоко бара жаткан адаммын. Эгерде Сен мени куткарбасаң анда эч ким мени куткара албайт. Сен кай жакка кааласаң мен ошол жакка барам. Эгерде мени таштап кетсең мен тозокко барам. Суранам мени куткар». Ким тозоко бара жатканын билсе жана өз күчүнө таянбай калса ошолор куткарылышат. Биз өз ишибиз менен куткарылабыз. Биз каракчылардын колуна түшүп калган адамдарга окшошпуз.